УДК: 82.0.97.5

**Нурматова Г. М.**
улук окутуучу
*Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети*

# КЫРГЫЗ АРМАН ЫРЛАРЫНДА СӨЗДӨРДҮ КОЛДОНУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Нурматова Г. М.**
старший преподаватель
*Жалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова,*

# ОСОБЕННОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ СЛОВ В КЫРГЫЗСКИХ ПЕСНЯХ ПЕЧАЛИ

**Nurmatova G. M.**
Senior lecturer
*Jalal-Abad State University named after B. Osmonov*

# FEATURES OF THE USE OF WORDS IN KYRGYZ COMPLAINT-SONGS

**Аннотация.** Макалада кыргыз арман ырларынын лингвокоммуникативдик аспектиде лингвистикалык табияты, арман ырларында сөздөрдү колдонуу өзгөчөлүктөрү каралат. Мындай ырларда колдонулган негизги сөздөр жана алардын көркөм семантикалык өзгөчөлүктөрү, текстте аткарган коммуникативдик, семантика-стилистикалык функциялары, негизги сөздөрдүн өзгөчө көркөм деталь катары мазмунду туюндурууга катышы сыяктуу маселелер конкреттүү факты материалдардын негизинде иликтөөгө алынды.

**Негизги сөздөр**: ашыктык темасы, армандуу мазмун, негизги сөздөр, өзгөчө көркөм деталь, лирикалык каарман, көркөм туюндуруу, салыштыруу, логикалык басым, айтканга жеңил жатык сөздөр ж.б.

**Аннотация**. В статье рассматривается лингвистическая природа кыргызских песен печали в лингвокоммуникационном аспекте, особенности использования слов в песнях печали. На основе конкретных фактических материалов были исследованы такие вопросы, как основные слова, используемые в таких песнях, и их художественные семантические особенности, коммуникативные, семантико-стилистические функции, которые они выполняют в тексте, отношение ключевых слов к выражению содержания как особой художественной детали.

**Ключевые слова**: тема влюбленности, содержание печали, основные слова, особая художественная деталь, лирический герой, художественное выражение, сравнение, логический акцент, простые слова удобные для выражения смысла и т. д.

**Annotation**. The article examines the linguistic nature of Kyrgyz complaint-songs in the linguistic and communication aspect, the peculiarities of using words in complaint-songs. Based on specific factual materials, issues such as the main words used in such songs and their artistic semantic features, the communicative, semantic and stylistic functions that they perform in the text, the relation of keywords to the expression of content as a special artistic detail were investigated.

**Keywords**: the theme of falling in love, the content of sadness, the main words, a special artistic detail, a lyrical hero, artistic expression, comparison, logical emphasis, simple words that are convenient for expressing meaning, etc.

Кыргыз арман ырларынын тилдик өзгөчөлүктөрү лингвокоммуникативдик багытта буга чейин талапка ылайык ар тараптан изилдөөгө алынбай жатат. Арман ырлары сыяктуу кыргыз элинин фольклордук көркөм дөөлөттөрүнүн лингвистикалык, лингвокоммуникативдик табият өзгөчөлүктөрүн комплекстүү иликтөөгө алуу азыркы мезгилде кыргыз тил илиминде актуалдуу маселелердин бири болуп саналат.

Мына ушул жагдайларга байланыштуу бул макалада кыргыз арман кырларында сөздөрдү колдонуунун өзгөчөлүктөрү туу-

ралуу ой бөлүшүүнү максатка ылайык деп эсептейбиз.

Кыргыз элинин арман ырларында колдонулган айтканга жеңил, жатык сөздөр мазмунга ылайык тандалып алынат [2, 87-88-бб.]. Артыкбаш, орунсуз сөздөр, байланышсыз сүйлөмдөр дээрлик колдонулбайт. Мындай ырларда логикалык басым өз ордунда максатка ылайык колдонулат. Ошондуктан ыр саптары кыска, так болот. Орунсуз кайталоолорго, оройосол угулган сөздөрдү колдонууга жол берилбейт. Мына ушул жагдайларды лингвокоммуникативдик багытта иликтөөдө өтө кызык маалыматтарды кездештирүүгө болот. Мисалы:

Баштасам ырды башынан,
Бал уйкум түндө ачылган.
Бактылуу элем бир кезде,
Бакытым эми чачылган.
Колумда турган бакытты,
Кокусунан качыргам.
Күлүңдөп турсаң жанымда,
Гүл элең мага ачылган.
Азапка түшүп жүрөгүм,
Арманда болуп жүрөмүн.
Адашып калып өзүңдөн,
Аябай эми жүдөдүм.
Ак сүйүү менен жетишкен,
Ашык жар элең чүрөгүм,
Өзгөчө элден жан элең,
Өзүңдөн үзбөйм күдөрүм.
Ажарын чачып жүзүңдөн,
Агарып аткан таң элең.
Баратсаң түндө жанымда,
Балбылдап күйгөн шам элең,
Бактыма менин туш болгон,
Башкача элден жан элең.
Ажырап калдым кокустан,
Анда мен бейкам жан элем. [8, 159-б.]

Мисалга алынган арман ырынын үзүндүсүн лингвокоммуникативдик аспектиде караганда, ал ашыктык темасында жана армандуу мазмунда экени анда тандалып колдонулган сөздөрдүн маанилери аркылуу айгинеленип турат [7, 65-б.]. Маселен, "күлмүңдөп турсаң", "гүл элең", "ашык жар", "өзгөчө элден жан элең", "ажарың чачып жүзүңдөн", "агарып аткан таң элең", "шам элең", "башкача элден жан элең" деген сөздөр, туюнтмалар лирикалык каармандын кызга болгон сезимин туюндуруп, ыр текстинин темасы ашыктыкка байланыштуу болоорун ырда колдонулган бул негизги сөздөр аталган ашыктык арманынын ар кыл өңүтүн көркөм туюндурууга багытталганын маалымдап турат.

Мында сүйгөн кызынын "күлмүңдөп" турган көзүн, "элден башкача" чачырап турган ажарын, "гүлгө", "агарып аткан таңга", түндө жанында баратса, балбылдап күйгөн "шамга", салыштырып жатканынан лирикалык каармандын ички дүйнөсүндө чын сезимге кабылганын байкасак болот. "Күлмүңдөгөн көз" да, "жүзүнөн жаркыраган кыздын ажары" да, "агарып аткан таң" да, "балбылдап күйгөн шам" да адамдын канын кызытып, сезимин ойготкон эч кимди кайдыгер калтырбаган көрүнүштөр болгондуктан, жактырып, жакын деп сезген адамын ушундай жаркын объектилерге лирикалык каармандын салыштыруусу да орундуу. Бир жагынан караганда, ырда колдонулган бул сөздөр, туюнтмалар ырдын жалпы мазмунуна ылайык тандалып алынган. Маселен, ырда мазмунга ылайык колдонулган "күлмүңдөгөн жагымдуу көз", "сулуу кыздын ажары", "кыздын ажарын чачып турган жүзү", "түндө жанында баратса, кыздын шамдай күйүп турушу" деген тилдик каражаттар кызды лирикалык каарманга "элден башкача жан", "өзгөчө жан", "ашык жар" катары көрсөтүп, анын жан дүйнөсүн толкутуп, төбөсүн көккө жеткирип турат. Чындыгында эле, "баратсаң түндө жанымда, балбылдап күйгөн шам элең" деген ыр саптарында туюндурулган маанилерге караганда, кыздын дагы лирикалык каарманга кайдыгер эмес болгонун байкайбыз. Кыздын жигиттин жанында түндө шамдай күйүп, бирге баратышы бул экөөнүн ортосунда эки тараптуу сүйүү сезиминин болгондугун да маалымдайт деп ойлойбуз. Ошондуктан жигит күдөрүн үзбөй, кызды "элден өзгөчө жан" катары эсептеп кабыл алган. Ушундай маанилик өңүттөн караганда, ыр текстинде колдонулган жогоруда аталган тилдик каражаттар ашыктык отун жандыра турган, жигиттин делебесин козгоп, ой-сезимин алоолонткон сөздөр туюнтмалар болуп саналат. Ошондой эле бул каражаттар ырда баяндалган сүйүү сезиминин жогорку деңгээлин дагы билдирүү касиетине ээ. Ушундай кырдаалда лирикалык каармандын сүйгөн кызынан кокусунан айрылып калышы аны орду толгус чоң жоготууга учуратат, айтып болгус арманга салат.

Ырдын армандуу мазмуну "бал уйкум түндө ачылган", "бактылуу элем бир кезде", "бакытым менин чачылган", "колумда турган бакытты, кокусунан качыргам", "гүл элең мага ачылган", "арманда болуп жүрөмүн", "адашып калып өзүңдөн, аябай эми жүдөдүм", "ажырап калдым кокустан" деген ыр сапта-

рында, туюнтмаларда көркөм баяндалган. Арман ырынын жалпы коммуникативдик структуралык өзгөчөлүгүн эске алганда, анда лирикалык каармандын арманы, арман деңгээли, жан дүйнөнү кыйратуучу өзгөчөлүгү кызга болгон сүйүүнүн жогорку деңгээлине жараша көркөм сүрөттөлгөн [4, 139-б.]. Ошого жараша сөздөр, туюнтмалар тандалып алынып колдонулган. Маселен, "бал уйкум түндө ачылган" деген ыр сабында уйкуга тойбой турган жаш адамдын балдай таттуу уйкусунун түндө ачылышы, түн уйкусунун качышы анын ички дүйнөсүндөгү тынч эмес абалды, сарсанаага батып, аргасы куруп турган жагдайды кабарлап турат. Жаш адамдын түн уйкусунун качышы анын турмушундагы дискомфорттуу карама-каршылыкты, жашоо-тиричилиги өзү каалагандай, өзү мерчегендей багытта болбой жаткандыгын да кыйыр маалымдайт. Ошондуктан "бал уйкум түндө ачылды" деген туюнтмада лирикалык каармандын сүйгөн кызынан айрылып, руху мертинип, сарсанаага баткан абалы, аргасыз кырдаалга туш болгон тагдыр-жазмыш кырдаалы кошо көркөм сүрөттөлгөн. Бир чети, "бал уйкум түндө ачылды" деген туюнтма ырдын армандуу мазмунунда андан ары уланышын кабарлап берди. Ушуга байланыштуу ырдын кийинки сабындагы "бактылуу элем бир кезде" деген ыр сабында "элем" деген өткөн чактагы сөздүн колдонулушу бактысыздыктын башталышын кыйыр туюндуруп турат. Ал эми "бакытым эми чачылган" деген ыр сабында "эми чачылган" деген туюнтманын колдонулушу лирикалык каармандын учурдагы чачкын, баш аламан, багытынан ажыраган жашоо турмушун көз алдыга элестетет. Аталган сөздөр, туюнтмалар лирикалык каармандын арманынын канчалык терең экендигин, бул махабат арманы анын келечек тагдырына да чоң таасири бар экенин кыйыр туюндурганы менен өзгөчө мааниге ээ.

Ыр текстинин кийинки бөлүгүндө ушул сыяктуу эле арман-муң мазмундук кырдаал "Колумда турган бакытты, Кокусунан качыргам" деген ыр саптарында андан ары улантылган.

Ырдын жалпы коммуникативдик тутумунан караганда, аталган ыр сабында "бакытты кокусунан качыргам" деген туюнтма негизги мааниге ээ [5, 98-б.] . Мында "кокусунан" деген сөзгө өзгөчө басым түшүрүлгөн. Баштагы маанилик кырдаалдарга караганда, лирикалык каармандын ашык болуп шерттешкен кызынан айрылышынын негизги себеби дал ушул "кокусунан" деген сөз аркылуу кыйыр баяндалган. Бул арман ыры өткөн доордун турмуштук шартын көркөм чагылдырат. Ошондуктан ырдын түзүлүшү да, мазмуну да ошо доордун шарт-кырдаалына ылайык туюндурулганын эстен чыгарбообуз зарыл.

Ушул өңүттөн караганда, конкреттүү ушул контекстте "кокусунан" деген сөз лирикалык каармандын сезим-ынтаазына карата кыздын ата-энесинин каршы көз карашын кыйыр туюнтушу ыктымал. Өткөн доордо кыз бала ата-энесинин көз карашына, эркине, каалоосуна каршы иш кылбаганын эске алсак, лирикалык каармандын сүйгөн кызын анын ата-энеси мурдатан кудалашып, сүйлөшүп койгон жерге күйөөгө берип жиберген. Ушуга байланыштуу "Колумда турган бакытты, Кокусунан качыргам" деп лирикалык каарман муңга батып турат

Ырдын жалпы коммуникативдик багытына, контексттик маанисине караганда, лирикалык каармандын сүйгөн кызынан айрылганына көп убакыт болгону байкалат. Мындай семантикалык багыт "бактылуу элем бир кезде", "анда мен бейкам жан элем" деген ыр саптарында кыйытылып туюндурулган. Аталган ыр саптарында колдонулган "бир кезде", "анда" деген өткөн чактагы хронологиялык маанидеги сөздөр баяндалып жаткан армандуу окуянын көп мезгил мурда болгондугун да маалымдайт.

Ал эми "бейкам жан элем" деген туюнтма, бир жагынан, лирикалык каармандын ал кезде турмуштан кагылып-согулуп, такшала элек, боз улан курагын билдирсе, экинчи жагынан, анын баёо, ишенчээк, турмуш жолунда болуп жаткан көрүнүштүн алдын алып, кылдат жол таба албаган жетик эмес сапатын билдирет. Ошондуктан конкреттүү ушу контекстте "бейкам" деген сөздүн маанисинде "алды-артын ойлобогондук", "турмуштук процесстерге бейаңсезим мамиле кылуу", "бир ишти акыр-аягына чейин чыгара албаган тажрыйбасыздык", "максатына жетүүнүн жолдорун кылдат иликтей албаган чалагайымдык", "турмуштан алыс куру кыялдык", "тагдыр жолунда кездешкен махабат үлүшүн акыр аягына чейин күтө албаган жетик эместик" деген сыяктуу бир нече кошумча маанилер бар деп эсептейбиз. Мына ошондуктан лирикалык каарман колунда турган бактысын кокусунан качырып алды.

Мисалга алынган арман ырынын үзүндүсү коммуникативдик жактан ырааттуу, логикалуу көркөм баяндалган. Ошондуктан

анда артыкбаш, орунсуз сөздөр жок. Ырдын жалпы мазмунуна байланышпаган тилдик каражаттар кездешпейт. Ырда логикалык басым түшкөн сөздөр максатка ылайык өз ордунда колдонулган. Ушуга байланыштуу ыр саптары түшүнүктүү, мукам, кыска жана так. Арман ырында орунсуз кайталоолор, оройосол сөздөр колдонулбаган. Ырда негизги мааниге ээ болгон “уйкум ачылган”, “бактым чачылган”, “бир элең”, “чүрөгүм”, “ажарың”, “шам элең” деген жана башка сөздөр айтканга жеңил жана жатык.

Жогорудагы маселелер кыргыз арман ырларда сөздөрдү колдонуу өзгөчөлүктөрү болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы. – Ош., 2000.
2. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки. – Фрунзе, 1973.
3. Маразыков Т. С. Текст таануу жана анын айрым маселелери I китеп – Бишкек, 2005.
4. Маразыков Т. С. Көркөм текст: иликтөө жана окутуу маселелери. – Бишкек, 2020.
5. Мусаев Ж. С. Тексттин коммуникативдик структурасы [Текст]: филол.илим.д-ру ... дис. автореф / С. Ж. Мусаев. – Бишкек, 2000.
6. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. – Бишкек, 1997.
7. Усубалиев Б. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. – Бишкек, 1993.
8. “Эл адабияты” сериясы. Арман ырлары жана Ак Мөөр. 22 том. – Бишкек, 2003.